# КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ

**29. 2016**

К.ТЫНЫСТАНОВ атындагы ЫСЫК-КӨЛ МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА К.КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТТЕРИНИН ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК БАСЫЛМАСЫ

Журнал 2000-жылы негизделген

Башкы редактор

**А. ИМАНОВ**
Филол. ил. доктору, профессор

Башкы редактордун орун басары

**С. ИСКЕНДЕРОВА**
Филол. ил. доктору, профессор

**РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:**

С.Ж.МУСАЕВ, Ж.ОСМОНОВА, С.Б.БЕГАЛИЕВ, М.Т.САДЫРОВ, А.И.МУСАЕВ, Л.Ү.ҮКҮБАЕВА, А.Н.СЫДЫКОВ, Т.Т.ТОКОЕВ

**ИЛИМИЙ-РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:**

А.АБДЫКЕРИМОВА, А.А.АКМАТАЛИЕВ, С.О.БАЙГАЗИЕВ, К.АБАКИРОВ, Ж.ЧЫМАНОВ, А.Т.ТУРСУНОВ, Б.Ш.УСУБАЛИЕВ, Ж.Т.ЧЫНАЕВ, Т.САДЫКОВ, Ж.ЖУМАЛИЕВ, Ф.КАДЫРКУЛОВА, Б.М.АКМАТОВ

Басылма ээси
**К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети**

## МАЗМУНУ

### ТИЛ ИЛИМИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ

**Карымшакова А.Т.** Кыргыз тилиндеги ат атоочтон пайда болгон бөлүкчөлөр ..... 3
**Усмамбетов Б.Ж.** Махмуд Кашгаринин "Дивану лугат ат-түрк" сөздүгүндөгү уңгулардын семантикалык өзгөчөлүктөрү жана алардын кыргыз тилине болгон катыштыгы ..... 6
**Жумалиев Ж.** Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашгаринин чыгармаларынын кандай тилдик жагдайда жазылгандыгы жөнүндө ..... 8
**Усмамбетов Б.Ж.** Махмуд Кашгаринин "Диванындагы" буюм-тайымдарга жана курал-жабдыктарга байланыштуу сөздөрдүн жасалышы ..... 11
**Кенан Семиз.** Дыйканчылык лексикасынын жасалыш жолдорун изилдөөгө карата ..... 14
**Шерова А.** Үнсүз тыбыштардын объективдүү негиздеги алгачкы классификациясы ..... 16
**Джумаева А.А.** Особенности Интернет общения ..... 18
**Шерова А.** Үндүү тыбыштардын объективдүү негиздеги алгачкы классификациясы ..... 20
**Кайдылдаева Э.К.** Общая характеристика наклонения и модальности ..... 23
**Ногойбаева Н.** Кыргыз тилиндеги курал маанисиндеги сөздүн табияты ..... 25
**Кайдылдаева Э.К.** Формы самостоятельной работы в изучении иностранного языка ..... 28
**Узбекова Ж.С.** Суффиксация. Употребление суффиксов существительных английского языка ..... 30
**Турарбек к. А.** Грамматический строй английского языка и его отличительные особенности сравнительно со строем русского языка ..... 32
**Гүлден Сагол Йүксекская.** Түрк тил уюму жана орфография маселеси ..... 34
**Жумалиев Ж.** «Кутадгу билигдин» тили жана нускалары тууралуу окумуштуулардын пикирлери ..... 37
**Садыралиева Г.Э.** Ж.Баласагындын «Куттуу билим» дастанындагы метафоралардын өзгөчөлүгү ..... 40
**Таштанова М.** К. Тыныстанов жана жөндөмө категориясы ..... 42
**Турарбек к. А.** Перевод фразеологических сочетаний и идиоматических выражений с английского на русский язык ..... 44
**Сарчалова А.С.** Кыргыз жана түрк тилдеринин паремияларында «байлык» концептинин чагылдырылыш өзгөчөлүктөрү ..... 48
**Ибраимова Т.О.** Улуттук-маданий өзгөчөлүктөр: "Бата" концепти ..... 49
**Сарчалова А.С.** Азыркы лингвистикада концепттердин типологиясынын көйгөйү ..... 51
**Узун Бирол.** Кыргыз жана түрк тилдериндеги курулуштун түпкү негизин туюнткан сөздөр ..... 52
**Танаева Н.** Коммуникация менен семиотиканын карым-катышы ..... 55
**Акматова А.Б.** Тил илиминде зооморфизмдин образдык аталыш катары изилдениши ..... 57
**Акматова А.Б.** Зооморфизм-фразеологизмдердин лексика-семантикалык топтору ..... 60

### АДАБИЯТ ИЛИМИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ

**Сыдыков А.Н.** Роль таджикско-персидской поэзии в становлении киргизской письменной литературы в XX веке ..... 64
**Шабданалиев Н.** "Дивану лугат-ит-түрктүн" котормолору ..... 67
**Ногойбаева К.А.** Роза Карагулова улуттук поэзияда импрессионист - акын ..... 70

**Мухитденова Б.М.** Великий Шелковый Путь – транснациональная артерия Евразии, предпосылка возникновения искусства эстрады в регионе Центральной Азии и Казахстана ........ 72
**Бакирова Г.С.** Абзий Кыдыровдун балдарга арналган чыгармаларынын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү ..... 75
**Гүлден Сагол Йүксекская.** «Манас» дастанындагы салттуу үйлөнүү үлпөтү жана анын баскычтары ........ 77
**Искендерова С.И., Майчинова Г.Т.** Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" дастанынын кыргыз элинин адабий, маданий мурастарында алган орду: кечээ, бүгүн жана келечекте ........ 85
**Дарманова З.** Ж. Баласагындын «Кут алчу билим» дастанындагы идеялык баалуулуктар ........ 89
**Эшмамбетова Н.** Кыргыз романында тарыхый чындыкты көркөм интерпретациялоону эгемендүүлүктөн кийин изилдөөнүн методологиялык принциптери ........ 92
**Мусаева Ж.** Жусуп Баласагындын "Кут алчу билим" чыгармасындагы макал-лакаптар ........ 94
**Кодиров К.** Изображение тайн «любовь к Богу» в ирфанической поэзии Мир Сайида Али Хамадани ........ 96
**Кодиров К.** Теория «вахдати вуджуд» в ирфанической поэзии Мир Сайида Али Хамадани ........ 99
**Жороева Н.** "Куттуу билими" жана азыркы учур ..... 102
**Устабаева Г.К.** Байыркы жана орто кылымдагы адабий мурастар үчүн талаш-тартыштын сынчы К.Артыкбаевдин эмгектеринен орун алышы ........ 104

## ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТТЫ ОКУТУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ

**Джумабекова Р.К.** Учение через обучение на занятиях русского языка в вузе ........ 108
**Сыдыкова Ж.** Кыргызстандын жалпы билим берүү мектептерине турмуш-тиричилик коопсуздук негиздерин киргизүү ........ 109
**Джумабекова Р.К.** Развитие культурно-языковой интуиции при обучении русскому языку ........ 112
**Аалиева Б. А.** Межпредметные связи курса математики и смежных дисциплин в гуманитарных вузах связи как средство профессиональной подготовки учащихся ........ 114
**Абдулакимова Дж.А.** Об основах и принципов развития творческих способностей школьников в процессе обучения посредством информационно-компьютерных технологий ........ 116
**Кошалиева С. Ш.** Активизация познавательной деятельности детей старшего дошкольного возраста в процессе формирование развитии речи ........ 118
**Абдулакимова Дж. А., Комили Абдулхай Ш.** Об историко-математическом образовании и его преподавании в Республике Таджикистан ........ 120
**Искендерова С.И., Абдыракунова Ж.С.** Бүгүнкү күндөгү ар тараптан өнүккөн инсан жана лицейдик билим берүү» ("Себат" лицейинин мисалында) ........ 122
**Назарматова Г.А.** Коммуникативная компетентность как качественная характеристика профессионализма преподавателя ........ 125
**Нурманбетова Г.К.** Педагогикалык билим берүүдөгү бакалаврлардын илимий изилдөө жөндөмүнүн өзгөчөлүктөрү ........ 127

## ЭСКЕРҮҮ

**Кылычев Э.** Сакем жакшы адам эле ........ 130

Баш тамгасын койсоңор,
Айры өркөчтүү т.. болот.
Тазалабай от жакса,
Кернейине к.. толот.
Карышкырдан кичине,
Анын аты ч.. болот.
Атчан адам эгерде,
Аттан түшсө ж.. болот -

деп, баланын кругозорун өстүрүүгө, тамгаларды өз орду менен колдонууга, алардын да сөздөрдө өз орду бар экендигин таанытууга багыт берип, сөз өстүрүүгө, сөз муундарын, жаңы сөз жасоого үйрөтөт. Акындын шарадалары өспүрүмдөрдүн дүйнө таанымын өстүрүп, фантазиясын, лексиконун байытууга көмөк берет.

"А. Кыдыров – лирик акын",- деп ф.и.д., адабиятчы-окумуштуу Үмүт Култаева айткандай, Абзий агай бир гана лирикалык ырларды, аңгемелерди жазуу менен гана чектелбестен, анын жалпы балдар дүйнөсүнө таанымал болгон жомоктору, поэмалары бар. Акындын чыгармачылык өнөрканасы менен тереңден таанышуу, анын сырлары менен кызыктуу жактарын талдоого алуу келечектин иши демекчибиз.

***Адабияттар***


1. Абдухамидова Б., Рысбаев С., Ибраимова К. Адабий окуу. 2-класс. -Б., 2013.
2. Абдухамидова Б., Рысбаев С., Ибраимова К. Адабий окуу. 3-класс.-Б., 2014.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы VII том, -Б., 2012.
4. Кыргыз адабиятынын энциклопедиясы. -Б., 2004.
5. Рысбаев С., АбдухамидоваБ. Адеп Алиппеси. 1-класс үчүн окуу китеби. -Б., 2006.


---

**ДДК 398.22**

***Гүлден Сагол Йүксеккая***
*Профессор, доктор*
*Кыргыз-Түрк «Манас» университети*
*Мармара Университети - Түркия*

# «МАНАС» ДАСТАНЫНДАГЫ САЛТТУУ ҮЙЛӨНҮҮ ҮЛПӨТҮ ЖАНА АНЫН БАСКЫЧТАРЫ

***Кыскача мазмун***

*Кыргыз оозеки адабиятынын эң сонун мисалы болгон жана дүйнөлүк адабияттын саналуу чебер жазылган чыгармаларынын бири болгон "Манас" эпосу кыргыз элинин бай фольклор дүйнөсүндө өзгөчө орду бар жана бүгүн да өз жандуулугун жоготкон жок. Дүйнөдөгү эң узун дастан катары таанылган бул дастандан кыргыз элинин маданияты жөнүндө маанилүү маалыматтарга ээ болуу менен бирге кыргыздардын каада-салтын, үрп-адатын, ишенимдерин, дүйнө таанымын, башка элдер менен болгон ымаласын, адеп-актактык түшүнүгүн үйрөнүү мүмкүн. Эпосто кездешкен адам, тамак-аш, ичимдик, жаныбар, өсүмдүктөрдүн аттары да маанилүү маалыматтарды камтыйт.*

*Бул макалада, кыргыздардын энциклопедиясы болгон "Манас" эпосундагы үйлөнүү салты изилденди жана эң негизгиси тынчтык жолу менен болгон үйлөнүүлөрдүн тартибине көңүл бурулду.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *"Манас" эпосу, үйлөнүү, салт.*

***ÖZET***

*Kırgız sözlü edebiyatının en güzel örneğini teşkil eden ve dünya edebiyatının sayılı şaheserlerinden biri olan Manas Destanı, Kırgızların zengin folklor dünyasında ayrı bir yer tutmakta ve bu gün de bütün canlılığıyla yaşamaktadır. Dünyadaki en uzun destan olma özelliğini koruyan bu destandan yola çıkılarak Kırgız kültürü hakkında önemli bilgiler elde etmek, Kırgızların gelenek ve göreneklerini, törelerini, inanışlarını, görüşlerini, başka milletlerle olan ilişkilerini, ahlak anlayışlarını bulmak mümkündür.Destandaki kişi, yiyecek-içecek, hayvan, bitki, sayı adları bile önemli ipuçları içermektedir.*

*Bu makalede,bir bakıma Kırgızların ansiklopedisi niteliğini taşıyan Manas Destanında, evlilik geleneği üzerinde durulacak ve özellikle barış yoluyla yapılan evliliğin aşamaları incelenecektir.*

***Anahtar kelimeler:*** *Manas Destanı, evlilik, gelenek.*

Бүткүл дүйнөлүк адабияттын алгачкы чыгармалары болуп саналган дастандар - бул улуттардын жашоосунда терең из калтырган бир баатырдын же тарыхый окуянын улуттун кыялында орток символ жана баяндоолор менен байытылган көлөмдүү аңгемелери. Дастандар бүтүндөй бир улуттун орток күрөшүн, орток баалуулуктарын, жоболорун түшүнүктөр системасында интерпретациялайт жана тийиштүү коомдун өтмүшүн жана келечегин чагылдырат.

Мына "Манас" дастаны да ушундай дастандардын бири. Дүйнөлүк адабияттын саналуу шедеврлеринин бири. Кыргыз оозеки чыгармачылыгынын эң мыкты

үлгүсү. Бул дастан, Кыргыздардын бай фольклорунда өзгөчө бир орунга ээ жана азыркы учурда да жандуу түрдө улантылууда.

Дүйнөдөгү эң көлөмдүү дастан деп эсептелген жана кыргыздардын энциклопедиясы болгон бул дастандын негизинде Кыргыз маданияты тууралуу маанилүү маалыматтарга ээ болуу, Кыргыздардын бүтүн каада-салттарын жана адаттарын, ишенимдерин, көз караштарын, башка улуттар менен болгон мамилелерин жана адеп-ахлак түшүнүктөрүн аныктоого болот. Ал эмес дастандагы адам, тамак-аш, суусундук, жаныбар, өсүмдүк аттары, сан атоочтор ж.б. да маанилүү далилдерди камтыйт.

«Манас» дастаны Кыргыздардын улуттук дастаны болуу менен бирге жалпы түрк маданиятына тиешелүү орток элементтерди өз ичине камтыйт.

Манас дастанындагы үйлөнүү салты туралуу бул баяндаманын булагы катары Радловтун жазып алган Манастын тексти негиз болду (Радлов 1995). Бирок зарыл болгон учурларда Сагымбай Орозбак уулу жана Жусуп Мамайдын варянтларына да кайрылдык (Инан 1992; Мамай 2004 I; Инает 2007).

Адам жашоосунда үч маанилүү өткөөл мезгилди бөлүп кароого болот: төрөлүү, үйлөнүү, өлүм. Бул өткөөл мезгилдердеги адаттар, каада-салттар, коомдун салттуу маданиятынын негизги бөлүмдөрүн түзөт.

Доорлор тездик менен өзгөрүп тургандыгына карабастан дүйнөнүн бардык жеринде кезиктирилет жана коомдогу ордун дайыма коргоп келүүдө, бирок аял тандоо, аялдарынын саны жана үйлөнүү үлпөттөрү каада-салттарга жана коомдорго жараша ар түрдүү.

Түрк элдеринде үйлөнүү оңой иш катары каралган эмес, ал эмес ал ыйыкташтырылган. Тукумдун уланышын камсыз кылган жана коомдордун улантылышы үчүн керектүү болгон үйлөнүү ишине жеңил ойлуулук менен мамиле кылуу мүмкүн эмес.

Манас Дастанында жана бардык Түрк дастандарында байкалгандай, үйлөнүүгө канчалык көп эмгек жумшалса, ошончолук кадыры артат. Үйлөнүү ишинде куда түшүү, калың төлөө, той өткөрүү сыяктуу жөрөлгөлөрдүн аткарылышы кызга жана үйлөнүү ишине канчалык маани берилгенин көрсөтөт (Сагол Йүксеккая 2007: 396).

Ар кандай үйлөнүү үлпөттөрү сүрөттөлгөн «Манас» дастанынан эркектердин атайын тандап үйлөнгөн аялдары алардын жашоосунда маанилүү роль ойногондугун, ал эми олжолоп алынган кыздардын байбиче боло албагандыгын көрүүгө болот.

Эң жакшы үйлөнүү үлпөтү – бул баланын атасы куда түшүп, салттар сакталып, тандалган кыз менен болгон үйлөнүү. Жакып хан Манастын аялдарынын ичинен салттарды сактоо менен алган жары Каныкейге өзгөчө маани бергенин баамдаса болот (Радлов 1995: V):

Жакыптын уулу Кан Манас,
кабылан тууган Эр Манас
үч катын алган экен-
Кайып-кандын Кара-бөрүк
карматып алды таладан.
Şооруk кысы Акылай
чакырып алды үйүнөн,
Аталыктын ак дөлөт!
Өзү келип тийгенде,
кан баласы Каныкей
алтымыш атан айдаткан,
аракы балын байлаткан,
желмаяңга той жүктөп,
малы-минен алыптыр.
Кан атасы Жакып-бай
эмди отко кыдырып
баланы сынап олтурат,
баланы сынап нени айтат?
'Тиги олтурган баламдын
эр таалайы жок экен,
эл таалайы жок экен,
маңдайында багы жок-
баксыс балам турбайбы?
Тиги олтурган баламдын
таңдайында мөрү бар.

### Салттуу үйлөнүү

Дастанда каза болгон агасынын жубайына үйлөнүү (левират), өлгөндөн кийин үйлөнүү, согуш аркылуу олжолонгон кызга үйлөнүү, тартуу кылынган кызга үйлөнүү жана ошондой эле калың төлөнүп, той өткөрүлгүүчү салттуу үйлөнүү түрлөрү кезигет. Үйлөнүүнүн бул түрү салттуу үйлөнүүнүн нак өзү болбосо да, ошого жакыныраак бир жол аркылуу ишке ашкан үйлөнүү болуп саналып, бизге каада-салттарга шайкеш келген үйлөнүүнүн ишке ашырылган түрү тууралуу маалымат берет.

Дастанда тынчтык жолу менен ишке ашкан нике тууралуу сөз кылуу кыйын. Тынчтык жолу менен ишке ашкан Манас менен Каныкейдин үйлөнүүсүндө да олжолоо ыкмасынын издерин байкоого болот. Себеби үйлөнүү той учурунда эки тарап согушуп, олжолоп алуу жана ала качуу ыкмасы кандайдыр бир өлчөмдө колдонулат (Радлов 1995: III). Ала качуу жөрөлгөсү салттуу үйлөнүүнүн ичинен да орун алган.

Манас үйлөнүү үчүн Темир хандын элине барып, түн ичинде Каныкейдин төшөгүнө киргенде, Каныкей алды менен аны эскертет, андан кийин канжарын алып чыгып билегине сайып жиберет. Манас үйлөнгөнүнө өкүнүп, ачууланат (Радлов 1995: III):

Анда Манас айкырды:
'Ерсиз жайдак болсомчу!
Катынсыс бойдок болсомчу!
Алты сан жылкы куубасам
сүрөп бери албасам!
Кара бет саа кылбасам!
Колуңа таяк бербесем,
кой көтүнө салбасам,
бе көтүнө салбасам!
Кара бет саа кылбасам!
Айкырганы жолборстой,
аттан, аттан, Алмамбет-
жөлөнүш сары керидей,
көк-жалдуу бөрүдөй!
Күлдүр уулу Чалбайым,
аттан, аттан, ылдам бас!
"Жакшы сулуу таптым!" деп,
Ала-тоога жортолу!
Алты сан жылкы куугалы!
Сүрөп ары берели!
Сүрөп бери алалы!
Колуна таяк берели,
кой көтүнө салалы!
Көп ыйлатып койолу!
Антип өчүм алайын!
Ерсис жайдак болсомчу!
Катынсыс бойдок болсомчу!
Кучпай куруп калсамчы!
Албай арып түпсөмчү!


Андан соң согуш башталып, Манастын кырк чоросу кырк кызды атына учкаштырып ала качып кетишет. Каныкей болсо атына минип, аларды алдын тосуп чыгат жана Манас турган жерге өзү басып барат (Радлов 1995: III):

Кара көстүү карт Манас,
капыс жерден көрдү дейт,
кырк чорого айтты дейт:
'Кара бет келе жатпайбы?
Кырктан кырк кыс алып тыр,
алып келе жатып тыр!
Капыс жерден чыгыңар,
олжолоп алып келиңер!
Кырк үй тигип коюп тур,
кырк төшөктү салып тур!
Аргымак оосын жаялы!
Биридей кылыш кармайлы!
Ач билектен алалы!
Ат көтүнө салалы!
олжо-жесир кылалы!
Эркелеген Каныкей
эми көөнү оорысын!
Эми көтү-аркага
жайдак атка жоорысып!
Эркелеген Каныкей
эми түшсүн эсине!'

Салттуу үйлөнүү үлпөтүнүн ар түрдүү баскычтары бар: Үйлөнүү ниети, үйлөнгөнгө кыз издөө, кызга куда түшүү, кыз узатуу, калың төлөө, сеп берүү, той өткөрүү ж.б.

**1- Үйлөнүү ниети**

Үйлөнүүнүн эң алгачкы баскычы үйлөнүүгө ниет кылуу болуп эсептелет. Манас үйлөнүү ниетин атасына айтардан мурун эле анын эки жубайы бар болчу, бирок Манас эки аялын тең согуш учурунда олжо катары алгандыгы үчүн, б.а., той өткөрбөй эле үйлөнгөндүгү үчүн өзүн чыныгы үйлөнүү үлпөтүн кылдым деп эсептебейт (Мамай 2004 I: 135):


ناقىلاي الدىم قالچادان ،
قارابورك الدىم قالماقتان ،
قاستارلاپ كملىن الىپ

Чынында кээ бир изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча Манастын бир эле аялы болгон, жалгыз гана Каныкей менен үйлөнгөн. Бирок Манас өлгөндөн кийин атасы Жакып хан Каныкейди да, согуш аркылуу олжолонгон кызга үйлөнүү жолу менен үйлөнгөн Акылайды да, ат өлсө теринин, ага өлсө жеңенин мурас калгандыгын белгилеп, Манастын инилеринин бирине турмушка чыгуусун сунуштайт. Акылай Манастын иниси Абыкеге турмушка чыгат. Бул сунуштан согуш аркылуу олжолонгон кызга үйлөнүү жолу менен алса да, бөлмөлүү болуп кабыл алынса да Акылайдын Манастын өлүмүнөн кийин каза болгон агасынын жубайына үйлөнүү (левират) жолу менен турмушка чыгарылгандыгын көрөбүз (Радлов 1995: VI):'

Жакып-бай арам кул
Меңди-байны жиберет,
Каныкейге айтты дейт:
'"Ат өлсө, сооры керес!" дөчү'ди,
"Ага өлсө, жеңе керес!" дөчү'ди!-
Кан баласы Каныкей
Эр Манастан калды дейт.
Акыл-мен тууган Абеке,
көдөк тууган ол Көбөш
Эр Манастын иниси:
жа Көбөшкө тыйеби,
жа Абекеге тийеби?
Сүгөнүнө тийсин!' дейт.
Кан баласы Каныкей
бу кеп угуп ыйлады:
'Абеке, Көбөш арамдын
айтар кеби бу эмес,
Манастан калган катындын
угар кеби бу эмес!
Манас бир төрөм өткөндө,
жет'ай боюнмад калд'эле,
жети айдан сегис ай
эми болуп келиптир,
сегис айдан тогус ай
эми болуп келиптир!
Жаза бир тайым кыс болсо,
отко салып күйгүзөм,
суута салып агызам:
андан кийн тийемин!
Менин балам уул болсо,
тиймек турмак сийбаймын!'
Шундай деп жооп жиберди.
Каныкейдин кашында
Шоорукту н кысынын
Акылайдын айлы турду,
Акылайга барды Меңди-бай,
Жакыптын кебин айтты дейт:
'Шооруктун кысы Акылай-
"Ат өлсө, сооры керес!" дөчү'ди,
"Ага өлсө, жеңе керес!" дөжү'ди!-
Акыл-мен тууган Абеке,
көдөк тууган ол Көбөш
Эр Манастын иниси:
кимисине тийесин?
Жа Көбөшкө тийеби,
жа Абекеге тийеби?-
"Сүгөнүнө тийсин!" дейт!'
Шооруктун кысы Акылай айтат:
'Балалуу катын бар болсо,
баласын эркейт.
Баласы жок мен байкуш-
акыл-мен тууган Абеке

астыртын келип кессин де!'
Көк ала сакал Менди-бай
Жакып-байга барды дейт,
Жакып-байга айтты дейт:
'Кан баласы Каныкей
шундай деп жооп жиберди:
"Бу Манасым өткөндө,
жет'ай боюмда бар эле:
жети айдан сегис ай
эмди болуп келди", дейт,
"сегис айдан тогус ай
эмди болуп келди" дейт.
"Жаза бир тайып кыс болсо,
отко салып күйгүзөм,
сууга салып агызам:
андан кийн тийемин!
Эркек бир мерсет бу болсо,
Абеке, Көбөш арамга
тиймек бир турмак сийбайм!" дейт.
Шооруктун кысы Акылай
үйүнө мен түшкөмүн,
түшүп туруп айткамын.
Шооруктун кысы Акылай
кебимди угуп айтты дейт:
"Акыл-мен туулган Абеке
астыртын келип кессин!" дейт.'


Манас эл ичинде кабыл алынган салттуу үйлөнүү үлпөтүн каалайт (Радлов 1995: III):

Кайыптын кысын Кара-бөрүк
кармап алдым таладан:
Шооруктун кысын Акылай
олжолоп алдым көргөндөн-
кысалгандай болбодум,
кысы койнун көрбөдүм!
Кана ата Жакып-кан,
аргымак атын тистеткин,
аттанып кысты истеткин!
Мен жакшы катын алайын,
кысы койнун көрөйүн!'

Булар бул үзүндүдө ачык айтылбаса да, Манастын кайрадан үйлөнүүнү каалоосунун астында балалуу болуу тилеги бар. Сагымбай Орозбак уулунун айтуусунда Манастын кайрадан үйлөнүүнү көксөөсүнүн негизги себеби – уулду болууну каалоосу. Манас атасына «Келиндериңди өзүм согуш учурунда алдым. Экөөсүнөн тең балалуу болгон жокмун. Аркаман туяк калтырбай эле дүйнөдөн өтүп кетемби деп коркуп жатам»- дегени балалуу болууну каалап жаткандыгын айкын көрсөтүп турат (Инан 1992: 35).

Радлов тарабынан жазылган текстте Манас атасы Жакып ханга үйлөнө тургандыгын айтып, жети атасы өткөн бир кызды табуусун суранат (Радлов 1995: III). Мындан маалым болгондой уулуна кыз табуу бул атанын милдети болуп эсептелген жана атасынын уулуна кыз табуусу аркылуу ишке ашкан нике ардактуу жана орунду болгон. Жакып хан да көпкө ойлонуп, уулунун айтканын макул көрөт жана аны той өткөрүү аркылуу үйлөндүрүүнү чечет.

Жүсүп Мамайдын айтуусунда болсо Манас Бухарада көрүп жактырган Каныкейге куда түшүүсүн талап кылат (Мамай 2004 I: 135):


ماگعىتقا بارا جانقاندا ،
بۇقار قالا چەتىنەن ،
چوڭ اقچئيدىن بچىنەن ،
الاكولدۇن جەگىنەن ،
كوردۇم ەله بىر قىزدى ·
اتاما بارىپ ايتىپ كەل ،
كىمدىن قىزى ەكەنىن ،
بئلىپ بەرسىن قان اتام
تەكتۇۆ بولسو اتاسى ،
وشول قىزدى مەن الام ·

Көкөтөй хандын бакма баласы Бокмурун болсо, үйлөнүүгө Манаска караганда башкача мамиле жасаган б.а. үйлөнө турган кызды издөө үчүн атасын же башкаларды ортомчу кылуунун ордуна көп жана ири кербен менен жалгыз өзү жолго аттанат (Инан 1992: 46).

**2- Үйлөнгөнгө кыз издөө:**

«Манас» дастанындагы каармандардын бир нече аялы бар. Мындай үй-бүлөлөрдө аялдардын бирөөсү байбиче болуп саналат. Байбиче болуунун аялдын жашы же эркектин үйлөнүүсүндөгү хронологиялык тартип менен эч кандай байланышы жок. Аялдардын барктуулук даражасы бар жана бул даража үйлөнүү үлпөтүнүн түрү аркылуу да көрсөтүлөт.

Чындыгыда Манас менен Акылайдын үй-бүлөлүк абалы абдан терең сүрөттөлгөн. Жусуп Мамайдын вариантында Манастын калмак ханы Шоорукту өлтүрүүсүнүн натыйжасында олжо кылып алган кызы Акылайдын он үч жашта болгондугу жана көргөндөрдүн көзүн кызыктырган сулуу болгондугу, муну менен бирге аттуу-баштуу кишилердин макулдугу менен Манаска турмушка берилгендиги байкалат (Инает 2007: 347):

Şooruktun kızı Nakılay,
Ayday beti carkırar.
Çolpondoy közü coodurap,
Körgöndün baarı tamşanıp,
Dağı körsöm eken dep,
Estegende muñayıp.
Dürüyö köynök şuudurap,
Turğan eken buralıp.

Бирок Накылай хандын кызы, өзү да ашкан сулуу болуп туруп олжого келгендиги жана уул төрөбөгөндүгү үчүн сый-урматка ээ болгон эмес. Олжого келген кыздар байбиче боло алышпайт. Каадасы менен баш кошкон жана эркек уул төрөп берген аял гана байбиче деп аталып, кадыр-баркка ээ болот.

Манас үйлөнүү чечимин атасына айтканда, Жакып хан анын бул оюн макул көрүп, дароо ага ылайыктуу кыз издөө үчүн атына минип, жанына жигиттерин да, эч кандай тартуу, белек да албастан жалгыз жолго аттанат. Бардык жерди кыдырып, барбаган жери калбайт (Радлов 1995: III).

Айгаш атым тистеттим,
Манаска бир сулуу кыс истеттим-
чалдыр-чулдур сүүлөгөн
тилин адам билбеген
Кытайдын журтун кыдырдым,
андан бир кыс таппадым;
кетменин талга саптаган,
кер эшегин аргымак
аттай мактаган,
загыра наны койнуна,
айры, кетмен мойнуна
Сарттын журтун кыдырдым,
батыр Манас уулума
андан сулуу таппадым;
Жалпак-тоо чыгып жайлаган,
чочконун санын кесип алып
канжыгага байлаган,
төгөрөк калпак, чоктуу бөрүк
Калмактын журтун кыдырдым,
батыр Манас уулума
андан сулуу таппадым;
Калчанын журтун кыдырдым,
андан сулуу таппадым;
Кызыл-баш журтун кыдырдым,
андан сулуу таппадым;
суу башында үй бар,
үй башында бий бар
Кыргыстын журтун кыдырдым,
андан сулуу таппадым;
Ындынын журтун кыдырдым,
андан сулуу таппадым;
Тежиктин журтун кыдырдым,
андан сулуу таппадым;
Алыптын журтун айдадым,
андан сулуу таппадым;
Казактын журтун карчадым,
андан сулуу таппадым!

Жигиттерге үйлөнүү үчүн кыз издөө оңойго турган эмес. Бул иш көп изденүүнү талап кылган. (Ал үчүн көп жерди кыдырып чыгуу керек.) Дастанда көңүл бура турган нерсе, атанын баласы үчүн, же болбосо үйлөнө турган жигиттин өзүнө ылайык жубай табуу үчүн жолго аттанышы жана жакынкы аймактан издебестен, дароо алыс жолго чыкканы ичтен (жакындан) кыз алуу салтына эмес, сырттан (алыстан) кыз алуу салтына артыкчылык берилгенин көрсөтүп турат.

«Коркут Ата» дастанында Кан Туралы өзүнө ылайык кыз табуу үчүн кырк чоросун ээрчитип жолго аттанып, бирок издегенин таба албай койгондо, атасы: «Эй уулум, кыз издеген андай эмес.... Эртең менен чыгып, түштө кайтуу, түштө чыгып, кечте кайтуу жарабайт. Уулум, сен мал, дүйнө-мүлктү кара, чогулт. А кызды мен сага таап берейин» - деп ак сакалдуу карыяларды ээрчитип, көпкө кыдырып, акырында уулуна ылайыктуу кызды табат (Эргин 1989 *I: 185-186: 171-174/10-1). Бул үзүндүдө хан Туралынын өзүнө ылайыктуу жубайды издөө үчүн өтө алыс барбагандыгы жана ошол себептен атасы тарабынан сынга алынгандыгы түшүнүктүү болууда.*

Сырттан үйлөнүү – жигиттин өз чөйрөсүнөн (үйбүлө, уруу, урук, эл ж.б.) сырткары бирөө менен үйлөнүшү. Мындай жол менен үйлөнүүнүн бир себеби башка элдер менен кызматташтыкты арттыруу жана душмандын санын азайтуу болгон. Бүгүн да Кыргызстанда абдан жакын тууганы менен үйлөнбөөсү керек деген принцип колдонулуп келет. Үйлөнүүчү жубайлар арасында жети ата өтүүсү абзел. Бирок мындай салттар урууларга жараша өзгөрүп турарын белгилеп кетишибиз керек.

Башка уруулардан кыз алышып-беришүүнүн максаты - тууганлардын санын арттыруу, бири-бирин колдоо, кудалашуу аркылуу уруулар арасындагы талоондорду алдын алуунун натыйжасында ички тынчтыкты сактоо болгон. Чындап эле, көчмөн турмушта жашаган тоолук үй-бүлөлөр жана уруулар ар кандай табияттан келген кырсыктарга, душмандардын чабуулдарына каршы күрөшүү үчүн өз ара туугандашып, биргеликте иш алып баруулары максатка ылайык эле (Дивитчиоглу 1987: 150).

Ичтен (жакындан) үйлөнүү – бул жигиттин өзүнүн чөйрөсүнөн аял алуусу. Мындай үйлөнүүдө кайсы бир чөйрөнүн тартиби, статусу сакталган десе болот. Уруунун канын бузбоо үчүн да ички үйлөнүү салты колдонулат. Башка бир диндеги же масхаптагы кыздар менен үйлөнүүгө тыю салуу да ички үйлөнүү каадасынын таасири болуп саналат (Үнал 1998: 4).

Темага терминалогиялык жактан байкоо жүргүзө турган болсок, «Манас» дастанында кыз үчүн *тий-* деген сөздүн колдонулгандыгын байкайбыз (Радлов 1995: VI). *teg- ~ tig- > tiy-* «тийүү, жетүү, баруу» дегенди билдирет, башкача айтканда, эркек алат, ал эми кыз болсо барат. Бул сөздөр бизге эркектин статусу менен бирге турмушка чыккан кыз атасынын үйүнөн жигиттин үйүнө алып келинген жана күйөөсүнүн уруусунун жана үй-бүлөсүнүн катарына киргизилген патриархалдык үй-бүлө тибин ошондой эле сырттан үйлөнүү каадасын чагылдырып турат.

**3- Кызга куда түшүү**

Эпостон сөйкө салууга тууралуу маалыматтарды да кезиктире алабыз. Сөйкө салууга куру кол барылбашы керек. Куру кол менен келүү теңсинбөө катары эсептелген. Темир хан Менди байды жакшы тааныгандыгы үчүн анын сөздөрүнө маани бербейт жана Жакып ханга керек болгон камкордукту жасайт (Радлов 1995: III):

Көк-ала сакал Менди-бай
минген атын бура'ди,
Темир-кандын үйүнө
желип келип түштү дейт,
Темир-канга айтты дейт:
'Тербенбегин Темир-кан,
айылындын кашында,

бос дөбөнүн башында
ак-сакалдуу Жакып-кан
айдап келген малы жок,
артынып келген булу жок,
жумшап келген кулу жок-
"Атка минип желдим" дейт,
"Каныкейге жуучу түшө
келдим!" дейт.
Мундай кордук болорбу,
мундай зордук болорбу?
Дайранын башын бургун!
Куру келген куданы
кулдарына урдургун!'

Жакып хан жөнөкөй бир койчу сунуш кылган Каныкейге мындайча куда түшүп барат (Радлов 1995: III):

Анда айтты Жакып-кан:
'Менин келген жолуп сурасаң,
менин кебимди эшитсең-
башы кара, бут айры
адамсат бу журттан
анын барын кыдырдым:
Батыр Манас уулума
түптү сулуу таппадым!
Жасаганы жарай-ок дейт,
алтын иймек каккыдай,
кайн атасы мен Жакып
макылыгы жаккыдай,
маа жакшы келин болгудай
Каныкей кысың бар-ок дейт:
"Элчиликка өлүм жок,
жуучулукка кордук жок!"

Каныкейге келдим мен,
жуучу түшө келдим мен,
татасыңбы бу тусунду?
Бересиңби бу Манаска кысыңды?'

Жакып хан Темир ханды кызына куда түшүп барганда түрктөрдүн маданиятында жана ишениминде өзгөчө мааниге ээ болгон "туз" сөзүн колдонот. Түрктөр туз кууруу, туз көмдүрүү сыяктуу жөрөлгөлөр менен оорууну айыктырууга аракет жасашкан. Ал эми кыргыздар болсо "Кыргыз берген туз урсун" деген каргышты колдонушкан (Мамай 2004 I: 94).

**4- Кыз узатуу**

Албетте кыз берүү кызгы кыда түшүүдөн да кыйын иш. Темир хан Жакып хандын сунушуна оңой эле макул болуп, "кызымды ал" дей койбос. Темир хан Манастын жоокерлигин жактырган эмес. Эгер Манас жер кыдыруудан, согушуудан баш тартса ага кызын бере тургандыгын, ал эми баш тартпаса кызын бербестигин айткан (Радлов 1995: III):

Темир-кан туруп мына айтты:
'А Жакып-кан, тарынба!
Сенин балаң бу Манас
кудасы-минен кууша берет дебейби?
Досу-минен доолаша берет дебейби?
Карындаш-минен кармаша
берет дебейби?
Сенин балаң бу Манас
көп жортучу дебейби?
Ак-куланын куйругун бууат дейт,
төгөрөк жылкы койбой кууат дейт.
Алыптар-минен алышып,
батырлар-минен сайышып,
көкүрөк-минен эриничи
келген Ак-кула
көлдөнөн окко жактырып,
жакасы алтын ак күбө
жакалашып жоога жырттырып,
бүрөпүн алыптан өлүп калбайбы?
Менин жаңыс кысым Каныкей
бир түндүктөн күн көргөн,
бир түтүктөн суу ичкен,
жоргодон талдап бос минген,
арактан талдап бал ичкен,
желбегей желге чыкпаган,
жел салкынын көрбөгөн,
түндө эшикке чыкпаган,
түнөгөн ашты ичпеген,
жаңыс кысым Каныкей
кара кийип калбайбы?
Жортучусун койдурсун!-
Анан кысымды беремин.
Атышканын койдурсун!
Чабышканын койдурсун!
Сайышканын койдурсун!-
Анан кысымды беремин!
Атышканын койбосо,
чабышканын койбосо,
сайышканын койбосо,
түпту кысым бербеймин!'

Албетте кыз берүү кызгы кыда түшүүдөн да кыйын иш. Темир хан Жакып хандын сунушуна оңой эле макул болуп, "кызымды ал" дей койбос. Темир хан Манастын жоокерлигин жактырган эмес. Эгер Манас жер кыдыруудан, согушуудан баш тартса ага кызын бере тургандыгын, ал эми баш тартпаса кызын бербестигин айткан (Радлов 1995: III):

Алачыктай Жакып-кан,
Ала-тоодай Жакып-кан,
Жакып-кан үрпөйдү дейт
ачуу жаман келди дейт:
'Темир-кан, э Темир-кан,
менин кабактагы какчыган
богун кемирген,
мен Манаска барбасам!
Барып кабар айтпасам!
Саска желе..., Темир-кан!

Манас кызылдан желек алычы,
кыр жагына чыгычы,
кыйкырып Манас сайычы,
сураса бербес Каныкей,
ач билектен алычы
ат көтүнө салычы
олжо жесирин кылычы,
анда алың неге жетет?
Куймалуу жүгөн кашкасында-
Ак-падыша элинен
бөлөк башкасын(да?)

талдап түптү жарганда
"Ак-падыша бат'аламын!"
деп барганда,
айдай кашын керди-де,
Орустан бөлөк бу журтту
Ак-падышам аа берди-де.
Жалтып-жултуп жайда бар-
Кысың маа бербес
жериң кайда бар?'

Куда түшүүнүн маанилүү болгонундай эле, куда түшүлгөн кызды бербей коюу чоң эрдик болгону менен, аны четке кагуу да мүмкүн эмес эле. Себеби, бул согушка алып келүүсү мүмкүн. Натыйжада кызды өз каалоосу менен бербесе, күч кылып алып кетүүсү да мүмкүн. Бирок Темир хан тамашалаганын, кызын бербөө ниетинин жок экендигин, туугандары менен кеңешип, андан соң жообун бере тургандыгын айтат:

Анда Темир-кан айтты:
'Ойноп айтамын, Жакып-бай,
талкактап айтамын, Жакып-бай!
Ай караңгы түн эде:
катын-минен бала
аралашып билген күн эде.
Катынга кеңеш салайн!
Балама кеңеш салайн!
Агама кеңеш салайн!-
Анан кайтып келейн!
Тура тургун, Жакып-кан!
Баягы көк-ала сакал Менди-бай
бузукка тууган кул эде.
Падыша бере-туган
ат башындай алтынын,
кой башындай күмүшүн
"Кой!" дей-туган бузугу
ош'ол мени буспаса!
Кеңешип келейн!-
Тура тургун, Жакып-кан!'
Кайтып бутка салды дейт,
башы туулуу бийлерин,
карысы салык кандарын
ат чаптырып алды дейт,
өзү үйүнө жийды дейт:
'Кече келген Ала-тоодай
Жакып-бай,
"Саска желе киргин!" дейт,
"Жаңгыс уулум Манаска
Каныкей кысың бергин!" дейт.
Кантебис жакшылар?'

Бул бизге кыргыздардын жуучулардын: "Кымызды ичкенге, кызды сураганга бер" деген сөзүн эске салат.

Менди – бай бул үйлөнүүгө канчалык тоскоолдук аракетин кылса дагы, Жакып хандын сунушун кабыл алат (Радлов 1995: III, 934-1005).

**6- Калың төлөө**

Куда түшкөндөн кийин калың төлөнөт. Кызды алуу үчүн күйөө бала же болбосо анын үй бүлөсү тарабынан кыздын атасына берилүүчү акча же мал «калың» деп аталат.

Калыңдын өлчөмү жана калыңга эмне берилери алдын ала сүйлөшүлөт. Калың дегендин өзү ала качуу жолу менен эмес, ынтамак жолу менен келишүүнү туюнтат (Гөкяй 1973: CCCLXXXV).

Калыңды эркек киши каалаган учурунда ажырашып кетпөөсү, ал эми аял киши каалаган учурда атасынын үйүнө кетип калбашы үчүн депозит (кепилдик) катары баалаган Б. Өгелдин оюу боюнча, калың – атанын көзү тирүүсүндө уулдарынын үйлөнүүсү үчүн берген үлүшү (Өгел 1988: 258, 260).

Калың менен башлык жана михир терминдерин чаташтырбоо зарыл. Башлыкты болгону калыңдын өзгөрүүгө учураган бир түрү катары гана кароого болот. Михир болсо аялдын үй бүлөсүнө эмес, түздөн-түз күйөөгө тийип жаткан кызга берилет жана анын андан аркы жашоосунда материалдык жардам боло алат. Атанын мүлкүнөн кызга берилген үлүш болсо сеп деп аталат.

«Манас» дастаны бизге бир жагдайды көрсөтөт: байыркы түрктөрдө калың берилип өткөрүлгөн тойлор салттуу жана артыкчылык берилген үйлөнүү түрү болуп саналат жана, чамасы, калың төлөп үйлөнүү түрктөрдө байыркы доорлордо калыптанса керек. Кыргыздарда бул салт дагы деле сакталат.

Калың негизинен малдан турат. Калыңын өлчөмү канчалыкты жогору болсо, келиндин, күйөө баланын жана үй бүлөнүн баркы ошончолук көтөрүлөт (Кожа 2000: 108). Кыргыздарда калың бир үй бүлөнүн мүлкү.

Калың берилген келин күйөөсүнүн үй-бүлөсүнүн бир мүчөсү болуп калат.

Калыңды чогултууда жигиттин ата-энеси тугандарынан кошумча алышкан. Манас калыңды төлөп берүү үчүн жакын досторунан жана Ак падышадан жардам алганын көрсөк болот (Радлов, III):

Манас чорону чакырды:
'Алмамбет, айда жүс жылкы!
Ажыбай, айда жүс жылкы!
Тең өскөнүм кырк чоро,
кыркы бирдей бир төрө,
кырктын кырк жүс жылкы айдаңар!
Он чуңкуру толбойбу?
Кырк чуңкуру толбойбу?
Жүс чуңкуру толбойбу?
Төрт чуңкуру толбойбу?'
Барына кабар салды,

Калыңдын бир топ бөлүгү кыздын ата энесинин тугандарынын ортосунда бөлүнөт. Дастанда Ак-падыша Манаска бере турган белектерди ал кайнатасынын үйүнө барганда жеңелерине жана балдыздарына берсин деп айтат (Радлов 1995: III).

Манас эми барды дейт,
Ак-падышага айтты дейт:
'Талдан түптү жарамын,
Кандын кысы Каныкей
эм алгалы барамын-
Кандай болот, Падышам?'
'Барекелди өзүңө,
маашыр болдум сөзүңө,
разы болдум өзүңө,
бейил болдум сөзүңө!
Оң жактагы чоролор,
сол жактагы санаттар,
ак-куржунду ачыңар!
Алтын дилде алып чык!

Акчаны кошо алып чык!
Манас кайнына барганда,
жеңелари келгенде,
балдыстары барганда,
алтын, күмүш акчаны
аа берсин Эр Манас!'

Бул жардамдашуу азыр башка түрк элдеринде да бар. Демек, бул Орто Азия түрк маданият тарыхынан ширелип чыккан бир урп-адат.

**6- Сеп берүү**

Калың төлөнүп бүткөндөн кийин кезек сепке келет. Байыркы түрктөрдө сеп – бул кызга атадан келген үлүш (Өгел 1988: 263). Кыздын үйдөн кетүүсү менен үй-бүлөдө бир жумушчу кемийт, ушундан улам сеп азыраак берилет. Жигиттин үйүндө болсо жумушчулардын саны бирге көбөйөт. Андыктан калыңдын өлчөмү септикине караганда көп. Буга карабастан кыздын себин жакшы берүү кыздын атасы үчүн намыс (Өгел 1988: 264).

Септин өлчөмү түздөн-түз калыңдын өлчөмүнөн көз каранды болбосо да, калың менен септин ортосунда кандайдыр бир тең салмактуулук сакталат. Бирок кыз күйөөгө тийгенден бир канча жыл өткөндө, анын энчиси, башкача айтканда, үлүшү берилгендиги үчүн септин өлчөмү калыңдын өлчөмүнөн азыраак болот.

Түрктөрдө атанын кызына сеп берүүсү милдет катары каралган. «Дивану лугат-ит-түрктө» бир мырза бир атаны кызын сеп менен турмушка берүүсүн буйрук кылат: *Ol anıŋ kızın septürdi* «Ал анын кызын күйөөнүн үйүнө сеп менен жөнөтүүсүн буйрук кылды» (Кашгарлы: 358).

Бул белектердин өлчөмү келиндин күйөөсүнүн үйүндөгү кадырлуу болушуна таасир этет. Жакып хан эркек тарапка берилиши керек болгон белектерди алып келбеген кыздарды бактысыз деп эсептейт (Радлов 1995: V):

Жакыптын уулу Кан Манас,
кабылан тууган Эр Манас
үч катын алган экен-
Кайып-кандын Кара-бөрүк
карматып алды таладан.
Şоорук кысы Акылай
чакырып алды үйүнөн,
Аталыктын ак дөлөт!
Өзү келип тийгенде,
кан баласы Каныкей
алтымыш атан айдаткан,
аракы балын байлаткан,
желмаянга той жүктөп,
малы-минен алыптыр.
Кан атасы Жакып-бай
эмди отко кыдырып
баланы сынап олтурат,
баланы сынап нени айтат?
'Тиги олтурган баламдын
эр таалайы жок экен,
эл таалайы жок экен,
маңдайында багы жок-
баксыс балам турбайбы?
Тиги олтурган баламдын
таңдайында мөрү бар,
как тилинде сөлү бар-
каргышчы балам турбайбы?
Тиги олтурган баламдын
эр таалайы бар экен,
эл таалайы бар экен,
маңдайында багы бар-
бактуу балам турбайбы?
Ак сөк кандын баласы
жакшы адам турбайбы?
Кылган ишин ондурган,
кыйматтуу бала турбайбы?
Ак сөк кандын баласы
ак дөлөт тууган бала экен!'
Кан атасы Жакып-бай
жактырды кан баласы Каныкей,

Жакып хан уулунун аялдарынан Каныкейди жактырганын уккан Манас кырк чоросу менен Каныкейдин жөндөмдүүлүктөрүн көрүүгө барат. Каныкей аларды өтө жакшы күтүп алат да, белектерди берет. Бул сыйдан кийин кырк чоро Каныкей Манастын башка аялдарынан жакшы экенин баамдашат (Радлов 1995: V). Анткени жаңы чөйрөгө келген аял берген белектери менен, көрсөткөн жоомарттыгы менен өзүнө тартып, урмат-сыйга ээ болгон. Муну жасай албаган учурда коом тарабынан кабылданышы кыйынга турган.

Эки кыска айтат дейт:
'Кабыланым ай жаркын төрөм
Эр Манас келе жатыр,
кабыланым күн жаркын төрөм
Кан Манас келе жатыр!-
Атын тосуп алыңар!
Бириң эшик ачыңар!
Бириң Ак-куланы алыңар!
Сарт байлоон' салыңар!
Төрөмө арак-шербет аш берип
чоролор туруп куанат:
'Каныкей жакшы экен!' деп.
Кайып-кандын Кара-бөрүк
карматып алды таладан,
андан мындай жок эле!
Аталыктын ак дөлөт,
андан мындай жок эле-
Şооруктун кысы Акылай,
андан мындай жок эле!
Ак сөк кандын баласы
акыл артык киши эккан,
абыдан макул бала экен!'

Манас менен Каныкей үйлөнүп, калың төлөнгөн соң Темир Кан кызына алтын, күмүш, баш кийим, маржан жана баркыт жибек жүктөлгөн алтмыш төөнү сеп кылып жөнөтөт (Радлов 1995: III):

'Алтымыш тө алып кел!' деп,
'Отусуна алтын, күмүш
жүктөп келип алып кел!
Отусуна барча-минен балкыны
жүктөп келип алып кел!
Буулум-минен бутаны

бутуна чылгоо кыларга,
алтын-минен күмүштү
атка така урарга-
1660 аны бөлөк жүктөп кел!
Бермет-минен шуруну
бетине тагып аларга-
аны бөлөк жүктөп кел!

**8- Той өткөрүү**

Дастандын эки вариантында тең үйлөнүү тойу кыздын үйүндө өтөт. Орозбаковдун айтуусунда чоң той өткөрүлүп, келинди кыргыз жерине алып кетишет. Түрктөрдө үйлөнүү тойу кыздын үйүндө башталып, жигиттин үйүндө бүтөт (Өгел 1988: 269).

***Адабияттар***


1. Аймакулова, Гүлниса (2006), "Кыргызларда Эвлилик ве Эвленме Төренлери", Милли Фолклор, жылы 18, 72- том.
2. Дивитчиоглу, Сенжер (1987). Көк Түрклер (Кут, Күч ве Үлүг). Ада, Истанбул.
3. Доган, Лутфи, кот. (1954), «Ибни Фадлан Сеяхатнамеси (Рыхлету'бни Фадлан).» Анкара Үниверситеси Илахият Факүлтеси Дергиси, 3- том, саны I-II, 59-80.
4. Эргин, Мухаррем (1989), Деде Коркут Китабы. I: Гириш-Метин-Факсимиле, 2- ирет басылышы, ТДК, Анкара.
5. Гөкяй, Орхан Шаик (1973), Дедем Коркудун Китабы, Башбаканлык Күлтүр Мүстешарлыгы, Истанбул.
6. Инан, Абдүлкадир (1987), «Түрк Дүгүнлеринде Эхогамиэ Излери», Макалелер ве Инжелемелер, 2- ирет басылышы, ТТК, 341-349.
7. Инан, Абдулкадир, кот. (1992), Манас Дестаны, Милли Эгитим Баканлыгы, 2- ирет басылышы, Истанбул, 1992.
8. Инает, Алимжан (2007), Юсуф Мамай ве Манас Дестаны, Измир.
9. Изги, Өзкан (1982), «Моголларда Эвленме Адети», II. Миллетлерарасы Түрк Фолклор Конгреси Билдирилери, IV- том: Геленек-Гөренек ве Инанчлар. Күлтүр ве Туризм Баканлыгы, Анкара, 255-262.
10. Кожа, Салим (2000), Түрк Күлтүрүнүн Темеллери, II, Трабзон.
11. Махмуд Кашгари (1941), Дивану лугат-ит-түрк, Факсимиле, ТДК, Анкара.
12. Мамай, Жусуп, айтуучу (2004), Манас, 1-2, 2- ирет басылышы, Шинжан эл басмасы, Шинжан.
13. Өгел, Бахаэддин (1993-94), Түрк Митоложиси, I-II, Милли Эгитим Баканлыгы, Истанбул.
14. Өгел, Бахаэддин (1982), «Түрклерде Калын ве Башлык,» II- Миллетлерарасы Түрк Фолклор Конгреси Билдирилери, IV- том: Геленек-Гөренек ве Инанчлар, Күлтүр ве Туризм Баканлыгы, Анкара, 393-396.
15. Өгел, Бахаэддин (1988), Дүнден Бугүне Түрк Күлтүрүнүн Гелишме Чаглары, толукталып 3- ирет басылышы, Түрк Дүнясы Араштырмалары Вакфы, Истанбул.
16. Радлов, Вильгельм (1995), Манас Дестаны: Кыргыз Түркчеси Метин-Түркие Түркчеси Чевири, Даярдаган: Эмине Гүрсой-Наскали, Түрксой, Анкара.
17. Расони, Ласло (1971), Тарихте Түрклүк, Түрк Күлтүрүнү Араштырма Энститүсү, Анкара.
18. Сагол [Йүксеккая], Гүлден (1995), «Манас Дестанында Эвлилик Геленеги», Бозкырдан Багымсызлыга Манас, Даярдаган: Эмине Гүрсой-Наскали, ТДК, Анкара, 224-233.
19. Сагол [Йүксеккая], Гүлден (2002), "Дестанларда Эвлилик", Ени Түркие, Түрколожи ве Түрк Тарихи Араштырмалары III: Тешкилат-Топлум-Економи, жылэ 8, саны 45, 264-288.
20. Сагол [Йүксеккая], Гүлден (2004). "Дестан Кахраманларынын Эвленмек Ичин Гөстермек Зорунда Олдуклары Хүнерлер", Журнал оф Туркисх Студиэс, Фестсжхрифт ин хонор оф Гүнай Кут, III, 301-310.
21. Сагол [Йүксеккая], Гүлден (2005), "Түрклерде Эвлилигин Алгыланышы –"Евленмек Каршылыгы Кулланылан Келимелерден Харекетле-." Шинаси Текинин Анысына Уйгурлардан Османлыйа, Симург, Истанбул, 661-684.
22. Сагол Йүксеккая, Гүлден (2007): "Калын ве Чейиз", Хедие Китабы, Редактор: Эмине Гүрсой Наскали-Айлин Коч, Истанбул, 396-406.
23. Түркдоган, Орхан (1976), «Евленмеде Башлык Геленегинин Сосйоложик Ачыкламасы», I. Улусларарасы Түрк Фолклор Конгреси Билдирилери, IV- том: Геленек-Гөренек ве Инанчлар, Күлтүр Баканлыгы, Анкара, 315-362.
24. Үнал, Асифе (1998), Яхудиликте, Хыристиянлыкта ве Исламда Эвлилик, Күлтүр Баканлыгы, Анкара.
25. Йүксел, Муса Шамил (2010), "Түрк Күлтүрүнде "Левират" ве Тимурлуларда Уйгуланышы", Туркисх Студиэс, 5/3, 2027-2058.


---

УДК 9.(с54)+008(5152)

*С.И.Искендерова, Г.Т.Майчинова*
*БГУ*

# ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН "КУТТУУ БИЛИМ" ДАСТАНЫНЫН КЫРГЫЗ ЭЛИНИН АДАБИЙ, МАДАНИЙ МУРАСТАРЫНДА АЛГАН ОРДУ: КЕЧЭЭ, БҮГҮН ЖАНА КЕЛЕЧЕКТЕ

***Аннотация.*** *Аталган макалада авторлор Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» чыгармасы миң жылдын ичинде түрк тилдүү элдердин маданиятынын кебелбес түркүгү болуп бергендигин тастыктаган илимий изилдөөлөргө токтолгон. Жусуп Баласагын дастанчы гана болбостон, ал улуу тарбиячы. Бул чыгарма миң жылдын ичинде канчалаган жогорку интеллектуалдуу инсандардын катмарларын, муундарын тарбиялады. Мындан ары да бул багыт боюнча өз таасирин тийгизе тургандыгын ар тараптан далилдеп келет.*

*Жусуп Баласагындын "Кут билим" дастаны боюнча эгемендүү болгондон бери илимдин көп тармагында изилдөөлөр жүргүзүлө баштады, мын-*